





# УЛУТТУК университет

*Билими күчтүү миңди жыгат*

*№02 (66), Март, 2024-жыл*


# НООРУЗ КУТТУУ БОЛСУН!



Урматтуу кесиптештер, магистранттар жана студенттер, баардыгыңыздарды жаркырап кирип келаткан Нооруз майрамы ар менен куттуктайм! Табият жа ыланып, жер чукуранып ойгонуп, к к чыгып, көңүл толкуткан ушундай ажайып учурда адам баласы адатта өткөн-кеткенин, эртеңки келечектен күткөн асыл үмүттөрүн үй-бүлөсү, кесиптештери менен тең бөлүшүп, өткөн нерселерди эске салып, закымдап учкан убакыт жөнүндө, ак-карасы аралаш жүргөн албан жашоо-турмуш жөнүндө өзүнчө акыл калчап, ой терметет эмеспи. Анын сыңарындай чыгыштагы жыл тогошоор алдында артка кылчайып, жасаган иштерибизди эстеп, өзүбүзгө эсеп берип, келечекке саресеп салып, бүтүрө турган иштерди мерчемдейбиз.

Жаз майрамын жарык маанай менен утурлап, ошол жөрөлгөлүү салтты улап, университетибиз тууралуу өзүмдүн айрым ой-тилектеримди сиздер менен астейдил бөлүшсөм дейм. Өзүңүздөр жакшы билгендей өзгөчө макамдын берилиши буга чейинки бөксөлөрүбүздүн ордун толтуруп, чачылганды жыйнап, үзүлгөндү улап, жогорку билим берүүдө өлкөбүздө флагман болгон окуу жайыбызды өнүктүрүп кетүүгө өбөлгө түздү. тк н бир жарым жыл университетибиз өлкөбүздө жана эл аралык билим берүү мейкиндигинде позициясын бекемдөө жана рейтингин көтөрүү үчүн тер төгүп иштеген мээнеттин, чымырканган илимий изденүүлөрдүн жылдары болду, кыйынчылыктар болду, ошого карабастан, реформалар жүрүп, ийгиликтер, аздыр-көптүр жетишкендиктер болду.

Академиялык мобилдүүлүк жанданып, жаңы окуу программалары ачылып, билим берүүнүн сапатын көтөрүү, атаандаштыкка жараган, өз алдынча ой жүгүртө алган, төрт тарабы төп келген заманбап адистерди даярдоо университеттин артыкчылыктуу багытына айланууда.

Илим жаатында жаңы программалар, долбоорлор ишке ашып, окумуштууларыбыз фундаменталдык илим багытында жергиликтүү жана эл аралык долбоорлорго жигердүү катышып, мартабалуу илимий журналдарга жарыяланган илимий макалалардын саны көбөйүп, көзгө толумдуу ийгиликтер болду.

Университетибиздин эл аралык байланыштары бекемделип, инвестицияларды алып келген олуттуу келишимдерге кол коюлду.

Болуп жаткан жетишкендиктерге бардыгыңыздардын кошкон салымыңыздар бар. Ошон үчүн сиздер менен биргелешип бүтүргөн иштердин аркасы менен жаралып жаткан ийгиликтерге, болуп жаткан өзгөрүүлөргө кубанбай коё албайбыз. Мындан ары дагы университетибизди гүлдөтүп, өнүктүрүп өстүрүүгө күчүбүз жетээрине терең ишеним бар. Ноорyздан кийин да демилгени колдон чыгарбай, бай тарыхы, нускалуу салттары бар санжыргалуу университетибиз үчүн билекти түрүп иштейли.

Кадыры артык кесиптештер, Ноорузда бардыгыңыздарга чың ден соолук, ишиңиздерге ийгилик каалайм, үй-бүлөңүздөр менен бактылуу болуп, сиздерди жакшылык ар дайым жылоолоп жүрүшүн тилейм.

Нооруз жакшылык алып келген ак жолтой майрам болсун!

**Т.А.Абдырахманов,**
**Ж.Баласагын атындагы**
**КУУнун ректору.**

*Куттуктоо*



2-БЕТ

*КУУнун спорт жылдыздары*



4-БЕТ

*Илимдин татаал жолунда*



7-БЕТ

# Куттуктайбыз!

## 2023-жылы диссертацияларын ийгиликтүү коргогон илимпоздорубуз


**Анарбек Алыбаев, физика-математека илимдеринин доктору**


**Нурайым Сардарбек кызы, филология илимдеринин доктору**


**Таалайгул Абыкеева-Султаналиева, философия илимдеринин доктору**


**Рахат Сулайманова, педагогика илимдеринин доктору**


**Гүлмира Абдыразакова, филология илимдеринин доктору**


**Чолпон Сааданбекова, философия илимдеринин доктору**


**Бурул Элебесова, филология илимдеринин кандидаты**

## Куттуктоо

Урматтуу Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин студенттери, профессорлор жана доценттер, окутуучулар жана инженердик-техникалык кызматкерлер, ректораттын мүчөлөрү жана административдик-чарбалык кызматкерлер! Сиздерди университеттин ардагерлеринин атынан Нооруз жаз майрамы аар менен чын дилимден куттуктайм!

Мамлекеттин жетекчилери кыргыз жарандарынын алдына амбициялуу милдеттерди коюп, аны аткарууга оптимисттик маанайда майтарылбас эрк менен киришип жаткан учурда биздин жамаат да өзүнүн бараандуу салымын кошот деген ишеничтемин. Анткени, өзгөчө статуска ээ болгон жамааттын натыйжалуу эмгектениши үчүн ар тараптуу иш чаралары белгилеп, аны аткаруунун реалдуу жолдорун сунуштап жатат. Анын үстүнө Республиканын Президенти 21-сентябрды улуу даанышман Жусуп Баласагындын күнү деп белгиленгени бизге дагы чоң эргүү берет. Эгер Кыргызстандын эли үчүн Жусуп Баласагынды бир күн эскере турган болсо, университеттин журту күн сайын анын идеясы, акыл-насааты менен жашап, акыл-эсибиздин түпкүрүндөгү анын элеси бизди шыктандырып, алдыга үндөп тургандай абалга жетишибиз зарыл. Биздин интелектуалдык деңгээли жогору болгон ынтымактуу жамаатыбыз буга сөзсүз жетишет деп ойлойм. Мына ушуну өзү классикалык университеттин негизги үч максатын ишке ашырууга өбөлгө болот. Алар: жаңы билимдин жаңы тармактарын өндүрүү (илим изилдөө); билим берүү (окуу процесси); жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктарды топтоо, жалпы эл журтка таратуу.

Урматтуу кесиптештер жана студенттер! Баарыңардын алтын башыңар аман, бооруңар бүтүн болсун! Алтын башыңарда асыл ойлор болсун! Асыл ойлордон асыл максаттар жаралсын! Ал максатты ишке ашырууга ар кимибиз ак дилден тер төгүп эмгектенели! Ошол эмгектин натыйжасы өзүбүзгө, жалпы кыргыз элине бакыт-таалай алып келсин!

**Эсенбек Мамбетакунов, профессор**
**26.12.23**

## Арымдуу долбоорлор

2023-жылы институтта Казакстан Республикасынын Ч.Валиханов атындагы тарых жана этнология институтунун филиалы, «Кең Алтай» алтаистика жана түркология Улуттук билим берүү борбору менен биргеликте КУУнун чөлкөм таануу жана кыргыз таануу кафедрасынын базасында Алтай мамлекеттик университетинин «Кен Алтай» алтаистика жана түркология Улуттук билим берүү борборунун өкүлчүлүгү, тарых жана чөлкөм таануу институтунун алдында "Илимий-изилдөө, санариптик жана музейдик билим берүү борбору", Россиядагы коммуникацияларды өнүктүрүү боюнча изилдөө институту менен биргеликте институттун базасында Россия изилдөө борбору ачылып, илимий багытта иштерди алып барып жатат.

Россия изилдөө борбору тарабынан КР менен РФ тарыхтан "Россия жана Кыргызстан: достуктун жана ишенимдин аймагы" аттуу достукту жана кызматташтыкты чыңдоо максатында мектеп мугалимдери, окуучулар катышкан олимпиада өткөрүп, ага институттун жамааты катышты. Байгелүү орун алган 15 мектептин мугалимдери, 10 окуучу Москва шаарына жолдомо алышты.

Илимий изилдөөлөр боюнча айтсак, ушул жылы Кыргызстан тарыхы кафедрасынын ага окутуучусу Мамытова Алтынай Билаловна "Боз үй -кыргыз элинин салттуу турак-жайы" деген темада кандидаттык диссертациясын жактады жана ондон ашык эл-аралык илимий-практикалык конференциялар, тегерек столдор өткөрүлдү.

Институтта 2023-2024-окуу жылында магистратура бөлүмүнө "Архивтаануу", "Арабтаануу" багытты ачылып, магистранттар максаттуу кабыл алынды.

Институттун материалдык-техникалык базасын чыңдоо максатында ар тараптан инвесторлор менен сүйлөшүүлөр жүргүзүлүп, натыйжада 3 дарскана толугу менен ондоптүзөөдөн өткөрүлүп, пайдаланууга берилди. Жалпы инвестициянын суммасы – 2 397 000 сомду түздү.

Жыл соңунда, "тарых" багытынын 4-курстунун эки мыкты студенти – Баетова Айгерим Баетовна, Марсбекова Айдай Марсбековналар КР Президиентинин стипендиясына татыктуу болуп, президенттин колунан сыйлык алышты.

**Т.Т.Сырдыбаев,**
**Тарых жана чөлкөм таануу институтунун директору, профессор.**

Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин басылмасы

Дизайнер
**Самат Сулайманов**

Редколлегия:
**Ширин Костюк**
**Аскар Медетов**
**Айбек Түмөнбаев**
**Бегимай Керимова**
**Перизат Джаныбекова**

**Гезит Юстиция министрлигинде катталган №2160**

**Дареги:** Кыргыз Республикасы, Фрунзе көчөсү - 547 Башкы окуу имараты

**Буйрутмасы:** Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети

Келип түшкөн каттар рецензияланбайт жана ээлерине кайтарылып берилбейт

Гезит редакциянын компьютердик борборунда даярдалып, жасалгаланды "Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды

Нускасы - **1000**
Буйрутма №

# ЭЛ АРАЛЫК БАЙЛАНЫШТАР

КУУнун ишмердүүлүгүнүн негизги багыттары боюнча бүгүнкү күндө кызматташуу тууралуу 200дөн ашык келишим иштеп жатат. Учурда эл аралык кызматташтык ар кандай формада өнүгүп жатат.

Профессордук-окутуучулук курамдын жана студенттердин арасында академиялык мобилдүүлүк программалары өнөктөш-ЖОЖдордун ортосунда кол коюлган келишимдин алкагында, ошондой эле Мевлана жана Эрасмус +, Орхун академиялык мобилдүүлүк программалары боюнча ишке ашырылат.

Эл аралык студенттердин саны окуу эл аралык иш-чаралардын негизги көрсөткүчтөрүнүн бири болуп саналат. Учурда КУУда 803 чет өлкөлүк студенттер жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдөн 22ден билим алышат. КУУнун чет элдик студенттеринин көбү КМШнын жарандары: алар чет элдик студенттердин жалпы санынын 61% ын түзөт. Экинчи орунда Азия өлкөлөрү (жалпы санынын 35%) турат. Эл аралык байланыштар бөлүмүнүн ишинде КУУда башка өлкөлөрдөн окуп жаткан угуучуларга, студенттерге, магистранттарга визалык колдоо көрсөтүү маанилүү роль ойнойт. Аталган иштерди жүргүзүүдө эл аралык байланыштар бөлүмү КР ТИМ, КР Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги, райондук калкты тейлөө борбору менен тыгыз кызматташат. Бул жерде КУУда чет өлкөлүк окутуучуларга иштөөгө уруксат алууга, ошондой эле керектүү документтерди тариздөөгө көмөк көрсөтүлөт.

### Долбоорлор жана гранттар

КУУнун материалдык-техникалык базасын чыңдоо максатында. Ж. Баласагын 2016-2023-жылдар аралыгында эл аралык байланыштар бөлүмү тарабынан төмөнкү гранттар жана долбоорлор тартылып, ишке ашырылган:



1. 2016-жылдын апрелинде Кыргыз Республикасындагы Түркия Республикасынын Элчилигинин колдоосу менен түрк тилин үйрөнүү борбору ачылган;

2. 2016-жылдын апрелинде Бишкек шаарындагы Корея Республикасынын Билим берүү борборунун жана эл аралык кызматташтык боюнча Корея агенттигинин (KOICA)колдоосу менен Корея борбору ачылган;

3. 2016-жылдын ноябрь айында Кыргыз Республикасындагы түрк "TIKA" кызматташуу жана координациялоо агенттиги физика жана электроника, химия жана химиялык технологиялар, биология факультеттерине лабораториялык жабдуулар түрүндө максаттуу грант бөлүп берди;

4. 2016-жылы Россотрудничествонун КРдагы өкүлчүлүгү орус жана славян филологиясы факультетине окуу адабияттарын тапшырган;

5. 2017-жылдын июль айында Түркиянын "TIKA" кызматташуу жана координациялоо агенттигинин колдоосу менен Кыргызстанда кыргыз-түрк ресурстук борбору ачылган. Азиз Санжар;

6. 2018-жылдын июль айында Польша Республикасынын Кыргызстандагы консулдугунун колдоосу менен кыргыз-поляк мультимедиалык классы ачылган. Асаналиев Кеңешбек;

7. 2019-жылдын февраль айында Кореянын Кемен университети журналистика факультетинин "Баласагын ТВ" телестудиясына жабдууларды сатып алууга каражат бөлгөн;

8. 2020-жылы КУУнун физика жана электроника факультетинин базасында Бишкек шаарындагы РИАнын илимий станциясы менен биргеликте "геофизика" лабораториясы ачылган;

9. 2020-жылдын декабрь айында Бишкек шаарындагы Корея Республикасынын Билим берүү Борборунун колдоосу менен чет тилдер факультетинде корей тили жана маданияты кабинети ачылды;

10. 2020-жылдын декабрь айында Кореянын Кемен университети оргтехника сатып алууга демөөрчүлүк жардам берген.

11. 2022-жылы Эл аралык билим берүү кызматташтыгы боюнча долбоордун алкагында МКТны өнүктүрүү үчүн Кемен университети тарабынан компьютердик техника жана сервер бөлүнгөн.

12. 2022-жылдын күзүндө КНУ жана Кемен университети чет элдик бейтаптарды тартуу жана медициналык кызматкерлерди окутуу боюнча долбоорду ишке ашырышты. Долбоорду ишке ашыруунун жүрүшүндө жүрөк-кан тамыр системасы, ичегикарын оорулары, бет-жаак кемтиктери менен ооруган 7 бейтап (балдар) жана гинекологиялык оору менен ооруган 2 аял Кыргызстандан 2 дарыгердин коштоосунда Кемен университетинин алдындагы Донгсан медициналык борборунан хирургиялык жардам алышты.

**Б.Т. Келдибеков,**
**Эл аралык байланыштар бөлүмүнүн башчысы.**

# ALMA MATERди КӨРКӨМДӨӨ, КӨРКТӨНДҮРҮҮ ТҮЙШҮГҮ

Урматтуу Кыргыз улуттук университетинин жамааты, баарыңыздарды келе жаткан Нооруз майрамыңыздар менен чын жүрөктөн куттуктап, сиздерге узун өмүр, чың ден-соолук, ишиңиздерге албан-албан ийгиликтерди каалайм.

Өткөн жылдын август айларында ректорубуз Абдрахманов Төлөбек Абылович окуу жайыбыздын башкы имаратынын тегерегин оңдоп жана түзөтүү иштери жана бедизчилерибиз тарабынан 1990—жылдардын аягында жасалган ачык асман алдындагы скульптура музейи боюнча тапшырма берди. Бирок ушул кезге чейин алар качан, кимдер тарабынан жасалып, эмнеге коюулганы тууралу маалыматтар жок эке. Тапшырмалардын негизинде скульптуралардын алдына авторлорунун аты –жөнү такталып, бедиздердин аталышы жана жылы жазылган жезден жасалган маалымат тактайчалары кадалды. QR-коду, скульптурадагы каарман кайсыл чыгармадан алынганы туралуу толук маалыматтар жазылды.



Бул тапшырманы аткарууга Көркөм-сүрөт академиясынын скульптура кафедрасынын жетекчиси Усукеев Айдар чоң жардам берди. Үч ай аралыгында «Ч.Айтматовдун чыгармалары сүрөт искусствосунда» деген аталышта залкар жазуучу Ч.Айтматовдун 70 жылдык маарекесине арналып, 1998-жылдын сентябрь-октябрь айларында скульпторлордун XI республикалык симпозиумунда 36 скульпторлордун катышуусу менен жасалган эмгектер жөнүндө толук маалымат берилди. Көрсө, 1998- жылы октябрь айында ошол симпозиумда жасалган скульптуралар КУУнун №1 окуу имаратынын алдына орнотулган экен.

Ректор Т.А.Адырахмановдун сунушу менен башкы имараттын алдында, оң жана сол тараптарына " КУУ мен сүйөм билим бешигим" деген жазууну түнкүсүн күйө турган чоң тамгалар менен пиксиль жүрөк тартып, кыргыз жана англис тилдеринде стелло орноттук. Башкы имараттын алды коозболуп калды.

Башкы имараттын биринчи кабатынын фойесинин бир тарабына Улуу Манас атабыздын чоң сүрөтүн экинчи тарабына Улуу жазуучубуз Ч.Айтматовдун чоң сүрөтүн илип, илинип турган мамлекеттик символикалар менен бирге студенттерге улуттук, патриоттук сезим ойготкон колорит берилди.

Биринчи кабаттан экинчи кабатка чыккан тепкичтин ортосунда оңго жана солго бурулган жеринде үч чоң терезеге түстүү витраж жасатсак деген ойлорубуз бар болчу, ректорубуздун идеясы менен ортонку терезеге Ж.Баласагындын сүрөтүн тарттырып, билим жөнүндө «Билим алсаң, урмат – сый алып келет. Билим сага-акыл-ой, кубат берет!» деген накыл сөзүн жаздырды. Даанышмандын бул сүрөтү биринчи кабаттын фойесинен да экинчи кабаттын фойесинен да көрүнүп имараттын интерьеринин ажарын ачып, айрыкча көрк берип турат.

Бул жасалгалап, көркөмдөөлөр жарандардын патриоттук сезим ойготуп, студенттерге, келген конокторго эстетикалык таасир берип, улуттук университет жөнүндө жакшы пикирлерди жаратаарына ишенем.

**Болот Чегебаев,**
**КУУнун сүрөтчү-дизайнери**

# Ботаникалык багын гүлдөтүү аракеттери



Ж.Баласагын атындагы КУУнун Ботаникалык багы 1947-жылы түзүлүп, биология факультетинин карамагында болуп келген. Жалпы аянты 1,8га барабар. Ботаникалык бакта КУУнун окутуучулары, аспирант, магистранттары жана студенттери окуу-илимий практикалык иштерин жасоого мүмкүнчүлүгү бар. Мындан тышкары Ботаникалык бак биология факультетинин студенттерин окуу процессинде табигий материалдар менен камсыз кыла алат. Ботаникалык бактын негизги милдети: түрдүү өсүмдүктөрдүн үрөндөрүн чогултуу, өсүмдүктөрдү интродукциялоо, сейрек кездешүүчү өсүмдүктөрдү чогултуп коллекциялоо, жоголуп бараткан жана сейрек кездешүүчү өсүмдүктөрдүн генофондун сактоо болуп эсептелет.

Учурда Ботаникалык бакта Орто Азиялык жана Европалык секторго бөлүп, ошол аймакта өскөн өсүмдүктөрдүн коллекциясын чогултуп, түрлөрдүн санын көбөйтүүгө аракеттер көрүлүүдө.

Мындан сырткары өндүрүү - эксперименттик тажрыйба бөлүмүндө биология факультетинин студенттери эрте жаздан баштап, үрөндөрдү себүүнү, гүлдөрдү отургузууну, бактарды кыйыштырууну үйрөнүшүп, окуу талаа практикасын өтөшөт.

Өндүрүлгөн өсүмдүктөр дарак, бадал, гүлдөр университетибиздин айланасын жашылдандырууга отургузулат.

Шаардагы сугат суунун жетишсиздигинен улам Ботаникалык бакта эки скважина казылып, акырындык менен тамчылатып сугаруу системасына өтүпжатабыз.

2020-жылы Түштүк Кореянын Эл аралык айыл чарбасын өнүктүрүү программасы боюнча КОРІА борбору менен Ж.Баласагын атындагы КУУнун ортосунда 5 жылдык келишим түзүлдү. Келишимдин алкагында КОРІА борбору Ботаникалык бактын жолдорун цементтеп, тосмолорду бекемдеп, дарбазаларды курул, окуу бөлмөлөрү жаңыдан салынды. Интернет түйүнүнө кошулдук.Ботаникалык бактын эгин талаасына 500тонна топурак токтурушту. Мындан тышкары 3 атайын шаймандар сакталуучу бөлмөлөр, 4 күнөскана кореянын технологиясы менен салынды. Күнөсканада өстүрүүлүчү өсүмдүктөрдү өстүрүүдө илимий технологиялар Кыргызстандын фермерлери менен биология факультетинин студенттерине үйрөтүлүүдө. Ошол эле учурда биология факультетинин бир магистранты жумуш менен камсыз болуп илимий ишин жүргүзүүдө.

2013-жылдан баштап КУУнун илимий кеңешинин чечими менен "Ботаникалык бак жана Территорияны көрктөндүрүү" деп кайра түзүлүп штаттык бирдиги бекиген. Бул багытта университетибиздин бардык окуу корпустары, жатаканаларынын аймактарынын тазалыгы жана жашылдандыруу иштери бизге жүктөлгөн. 2023-жылдагы жасаган жумуштарыбыз:

Жашылдандыруу иштери атайын график менен жургузулду

1. Февраль айларында ийне жалбырактуу бактар отургузулуп санитардык бутап тазалоодон өткөрүлдү, 80 түп арча көчөтү отургузулду.

2. Бардык окуу корпустарынын жана жатаканалардын айланасы тазаланып 20 машинадан ашык таштанды чыгарылды.

3. Ирригациялык системалар тазаланып калыбына келтирилди.

4. Башкы окуу корпусунун айланасына 220 тонна ашык кара топурак төгүлүп 1500 м2 газон чөптөрү себилди.

5. Адам өмүрүнө коркунучтуу болгон 10 түп картайган атайын мамлекеттик органдардын уруксааты менен түбүнөн кыйылып ордуна жаш көчөттөр отургузулду.

6. Ар жуманын ишемби күнү окуу корпустарынын айланасындагы бак дарактар сугарылып турду.

7. Башкы № 1, № 6. № 6а, № 8 окуу корпустарынын айланасына 1000 түптөн ашык роза гүлдөрү, 50 түп гортензия, 50 түп гибискус, 2000 түптөн ашык (бирючина) жашыл тосмолор отургузулду.

8. Бир айда эки жолу газондогу чөптөр чабылып, жай мезгилинде бардык корпустардын айланасындагы чөптөр жаан-чачынга байланыштуу 3-5 жолу чабылып турду.

9. Университетибиздин гүлзарларына Ботаникалык бакчабызда өзүбүз өстүргөн Salvia, Ageratum, Antirrhinum majus, Dahlia, Tagetes жалпы 2000ден ашык бир жылдык гүлдөр отургузулду.

10. Жай мезгилинде гүлдөрдүн зыянкечтерине каршы бир айда эки жолу атайын иш чаралар жүргүзүлүп турду.

**Улукбек Невераев,**
**Бот.бак жана ТКнун башчысы.**

# УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТТИН



Толоров Атабек, КУУнун Юридикалык институтунун 2-курсунун студенти, Волейбол боюнча КУУнун курама командасынын оюнчуусу, КР волейбол боюнча спорт чебери.



Аматбеков Бексултан, КУУнун Юридикалык институтунун 3-курсунун студенти, самбо боюнча Азия чемпионатында коло байге ээси, самбо боюнча КР чемпиону



Сыргак уулу Сырттан, Ж.Баласагын атындагы КУУнун Информатика жана математика факультетинин 4-курсунун студенти
Тогуз коргоол боюнча дүйнө чемпиону
Азия чемпионатынын жеңүүчүсү
III Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын чемпиону
Эл аралык класстагы спорт чебери.



Оронкул уулу Бекзат, КУУнун Юридикалык институтунун 2-курсунун студенти, грек-рим күрөшү боюнча КМШ оюндарынын Чемпиону, КР грек-рим күрөшү боюнча спорт чебери.



Айнуска Калил кызы, КУУнун Биология факультетинин 2-курсунун студенти, жеңил атлетика боюнча Азия чемпиону, КР жеңил атлетика боюнча эл аралык даражадагы спорт чебери.



Кадыров Бакыт Жолдошбекович,
КУУнун факультеттер аралык дене-тарбия кафедрасынын ага окутуучусу, КР дене-тарбия отличниги, КР кармаш уруш боюнча эмгек сиңирген спорт чебери.
КР комбат джиу джитсу боюнча эмгек сиңирген спорт чебери.
Бир нече жолку дүйнө чемпиону
3 жолку Азия Чемпиону.


# СПОРТ ЖЫЛДЫЗДАРЫ




Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин факультеттер аралык дене-тарбия жана спорт кафедрасынын доценти Нурия Султанмуратова Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген машыктыруучусу




Муратбек уулу Анвар, КУУнун Журналистика институтунун 2-курсунун студенти, Бел-боо күрөшү боюнча Дүйнө чемпионатынан коло байге ээси, КР бел-боо боюнча спорт чебери.



Абдыкеримов Шаршен Абжалбекович, КУУнун факультеттер аралык дене-тарбия жана спорт кафедрасынын жетекчиси, доцент, КР эмгек сиңирген машыктыруучусу, КР дене-тарбиясынын отличниги, КР билим берүүнүн мыктысы.



Кокчолоков Нургазы Нурдинович, КУУнун факультеттер аралык дене-тарбия кафедрасынын ага окутуучусу, волейбол боюнча эл аралык даражадагы калыс.



Билимбекова Калмира Билимбековна, КУУнун Юридикалык институтунун 3-курсунун студенти, аялдар күрөшү (эркин күрөш) боюнча Азия чемпиону, дүйнө чемпионатынын коло байге ээси, КР Эл аралык даражадагы спорт чебери.



Молдодосов Эмил Эсенжанович, КУУнун Юридикалык институтунун 3-курсунун студенти, оор атлетика боюнча Азия Чемпиону, Азия оюндарынын күмүш байге ээси, КР оор атлетика боюнча эл аралык даражадагы спорт чебери.



# ИЛИМДИН ТАТААЛ ЖОЛУНДА

Бүгүнкү университеттер бир эле учурда билимдин, илимдин жана инновациянын борбору болуп калуунун зор майданында эмгектенүүдө. Асыресе, теориядагы синергетиканын мындай түрү жаңы билимдерди берүү (билим берүү), түзүү (илим) жана ишке ашыруу (инновация) процессинин үзгүлтүксүздүгүн камсыз кыла алышы менен түздөн-түз байланыштуу.

Ошондуктан Ж. Баласагын атындагы КУУнун түзүмдүк курамдарында илим изилдөөнүн жаңыча методологиялык-философиялык негиздерине, багыттарына чечкиндүү, кескин бет алуунунун арымы артып бара жаткандыгы баамга урунат. Азыр университеттин кадрлык потенциалы, мүмкүндүгү көзгө толумдуу ойго алымдуу. Учурда университетте 93 илимдин доктору, 460дан ашык илимдин кандидаты үзүрлүү эмгектенүүдө. Алардын сабында бир КР УИАнын Ардактуу академиги менен корр.-мүчөсү, үч КР УИАнын корр.- мүчөсү да жемиштүү иштеп жатышат. Жалпысынан, университеттин окумуштууларынын илимий дарамет-дарманы лицензиялык шарт-талаптарга шай келет. Баса, окуу жайдын түзүмдүк бөлүмдөрүндө илим-изилдөө өңүтүндө олуттуу жана салмактуу иштер бүткөрүлүп жаткандыгын төмөн жакта маалымдайбыз.

Ал эми, РИНЦ боюнча илимий метрикалык талдоонун корутундулары төмөнкүдөй сандык катыштарды берди. Макалалалардын жалпы саны 7929 болсо, акыркы беш жыл ичинде 3424. Булардын ичинен 2021-2022-окуу жылдарында 1704 макала жарык көргөн. 2023-жылы 303 макала жарыяланган. Өйдөкү макалаларды колдонуунун саны 11754, алардын ичинен өзүнө-өзү шилтеме берүү 2642. Ошентип, хирш индекси 725 жеткен. Алардын ичинен: Экономиканын жогорку мектебинен - 1157, Юридикалык институттан – 1082, Компьютердик технологиялар жана жасалма интеллект институтунан – 629, Социалдык - гуманитардык илимдер институтунан – 570, Тарых жана чөлкөм таануу институтунан – 441, Математика ж/а информатика факультетинен - 425, Менеджмент жана бизнес институтунан – 421, И. Ч. Исамидинов атындагы педагогикалык кадрларды максаттуу даярдоо институтунан – 395, Кадрларды кайра даярдоо ж/а кесибин жогорулатуу институтунан – 341, Орус жана славян филологиясы факакультетинен – 276 макала жарыялангандыгын белгилей кетүү абзел.

Окуу жайда илимий-изилдөөчүлүк ишмердүүлүк жаатында илимий жана илимий-өндүрүштүк борборлордун катарын төмөнкү жаңы ачылган борборлор толуктады. Борборлор түздөн-түз ректордун демилгелүү талап-сунуштарына жана колдоосу аркылуу ачылгандыгын калыстык үчүн белгилей кетүү оң.

Атай кетсек, мисалга Фундаменталдык илимдер институтунун «Жасалма интеллект» илимий-изилдөө борбору 2023-жылдын апрель айында жаңы уюшулду. Мында илимий-изилдөө жана илимий иш-чараларды уюштуруу, гранттык конкурстар, ошондой эле эксперттик жана аналитикалык иштер жаатында университеттин кызматкерлерин жана илимий топтордун ишмердүүлүгүн консолидациялоо жана өнүктүрүү максаты коюлган.

Борбордун кызматкерлери республикалык жана чет өлкөлүк академиялык жана өндүрүштөгү өнөктөштөр менен жасалма интеллект жана маалыматтык технологиялар багытында өз ара аракеттенүүсүн кеңейтүү, анын ичинде университеттин билим берүү түзүмдөрү менен тыгыз байланыш иштерин жүргүзүп, приоритеттүү, артыкчылыктуу багыттардагы илимий, технологиялык долбоорлорду ыкчам-тез, интенсивдүү өнүктүрүү программарын ишке ашырууда (Tech Startup Accelerator).

Жасалма интеллект илимий-изилдөө борбору долбоордун ишмердүүлүгүн жасалма интеллект багытындагы бакалавриат жана магистратура программаларын өнүктүрүүгө, ошондой эле адистердин, окутуучулардын квалификациясын, кесипкөйлүгүн жогорулатуу үчүн илимий-тажрыйбалык семинар жана конференцияларды, курстарды уюштуруу иштерин эпкиндүү, демилгелүү жүргүзүүдө. Борбор төмөнкүдөй лабораториялык түзүмдөрдөн турат:

- *Жасалма интеллект жана BigData*
- *Прикладдык-колдонмолуу изилдөөлөр жана робототехника*
- *R&D лабораториясы*

Бул борбор аркылуу Билим берүү жана илим министрлигине илимий-изилдөө жана тажрыйбалык конструктордук иштер боюнча 2023-жылы жаңы беш долбоор даярдалды жана өткөрүлдү.

Корея республикасынын өкмөтү тарабынан каржыланган Корея өнүктүрүү институту тарабынан ишке ашырылып жаткан (KSP) Билим алмашуу программасынын алкагында Жасалма интеллект илимий изилдөө борборунан жаңы эки долбоор даярдалып 2023-жылдын 20-октябрында жөнөтүлдү. Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-2023-окуу жылындагы тогуз долбоору ийгиликтүү аяктап, отчеттору берилди. Алардын айрымдары 2024-жылга карата узартылды.

Ж.Баласагын атындагы КУУ жана Алтай мамлекеттик университетинин «Чоң Алтай» алтаистика жана түркология Улуттук билим берүү борбору менен биргеликте КУУнун чөлкөм таануу жана кыргыз таануу кафедрасынын базасында Алтай мамлекеттик университетинин «Улуу Алтай» алтаистика жана түрк таануу Улуттук билим берүү борборунун өкүлчүлүгү ачылды.

Тарых жана чөлкөм таануу институтунун алдындагы илимий санариптик жана музей-билим берүүчүлүк борбору да уюштурулду. Анда: Тарых жана чөлкөм таануу жаатындагы илимий-изилдөө иштерин уюштуруп, колдоо; тарых жана аймактар жөнүндө билимдерди жайылтууга багытталган санариптик билим берүү программаларын, курстарын жана ресурстарын иштеп чыгып, камсыздоо; тарыхый жана аймактык маданиятка байланыштуу билим берүү программалары менен иш-чаралардын музейдик көргөзмөлөрүн уюштуруу жана колдоо; долбоорлорду жана изилдөөлөрдү ишке ашыруу үчүн коомдук уюмдар, жергиликтүү жамааттар, мамлекеттик органдар жана өнөктөштөр менен өз ара аракеттенүү милдеттери алдында турат.

Журналистика жана коммуникация институту тарабынан ачылган борборлордун билим берүүдөгү, илимий-изилдөөдөгү жана инновациялардагы маани-маңызы төмөнкү түшүндүрмөлөр менен айкындалат. Медиа изилдөөлөрдүн илимий борбору Кыргызстандагы жана Евразия маалымат мейкиндигиндеги масс-медианын проблемалары жана коммуникациялык процесстер боюнча фундаменталдык жана прикладдык изилдөөлөрдү ишке ашырат. Ушул мезгилге чейин бул маселелерди эл аралык уюмдар, мамлекеттик эмес уюмдар изилдөөлөрдү жүргүзүп келишкен. Ошондуктан, илимий борбору өлкөбүздөгү медиа адистерди жана окумуштууларды баш коштурган изилдөө чордонуна айлануу аркылуу өзүнүн багытындагы чет элдик илимий изилдөө уюмдары менен кызматташууну, медиа изилдөөлөр боюнча гранттар менен иштөөнү, келечекте илимий багыттагы журналды чыгарууну көздөйт. Болочокто УТРКнын жалпы стратегиясын аныктап берүүчү социологиялык-консалтингдик долбоорду да ишке киргизмекчи.

Өндүрүштүк-продюсердик борбор демөөрчүлөрдү, донорлорду тартуу аркылуу кино, теле, фото, аудио жана рекламалык продукцияларды өндүрүү жана телеканалдар, башка физикалык жана юридикалык тараптар менен келишимдик негизде иш алып барат.

Медиа мектеп коммуникация сферасындагы журналистика, жарнама жана коомчулук менен байланыштар, телевидение, фотоискусство, блогинг боюнча курстарды, тренингдерди уюштурат. Айрыкча учурда популярдуу болгон "Оператордук чеберчилик", "Теле алып баруучунун чеберчилиги", "Сүйлөө техникасы" "Кризистик ПР коммуникация" сыяктуу курстар аркылуу ишке ашат. Башка багыттагы адистер үчүн коммуникация багытттарындагы адистиктер боюнча кошумча билимге жана көндүмдөргө ээ болууга багытталган окуулар сунушталуу менен каражат табуунун кошумча булагы болуп калмакчы.

Борбордук Түрк мурастары жана түрк тилдүү өлкөлөрдүн журналистика борборунда Түрк маданияты жана мурасы фондунун Президенти Гюнай Эфендиеванын Кыргызстанга болгон сапарынын алкагында ага КУУнун "Ардактуу профессору" наамы ыйгарылды. Жолугушуунун алкагында түрк элдеринин ортосундагы достук мамилелерди чыңдоо, маданий-гуманитардык, илимий байланыштарын өнүктүрүү багытында бир топ макулдашууларга жетишип, меморандум кабыл алынган.

2023-жылы Улуттук университетте эл аралык жана республикалык денгээлде 60 конференция өткөрүлдү, ага окуу жайдын окутуучу-профессорлору демилгелүү катышып, актуалдуу илимий баяндамаларын жасашты. Алардын ичинен 2023-жылдын 19-апрелинде "Тоолуу аймактарды туруктуу өнүктүрүү жана жашыл экономика" аттуу ири эл аралык илимий-тажрыйбалык конференция өттү.

27-июнда «Кыргыз-казак элдеринин тагдырлаш тарыхы жана алакалаш келечеги» аттуу эл аралык илимий конгресс өткөрүлдү. Казакстан Республикасынын Ч.Валиханов атындагы тарых жана этнология институтунун филиалы ачылып, башкы имараттагы 341-дарсканага Ч.Валихановдун ысымы ыйгарылды. 8-10-июнда "Евразиядагы орто кылымдардагы саясий, социалдык-экономикалык жана этномаданий жүрүмдөр" аттуу эл аралык илимий конференция болду. Ошондой эле, Улуттук университеттин күнүнө, Илим күнүнө, "Манас" күнүнө, Ч. Айтматовдун 95 жылдыгына арналган илимий-тажрыйбалык конференциялар, тегерек столдор, симпозиумдар, конгерсстер, жолугушуулар, конок-лекциялар, семинар-тренингдер ж.б. үзгүлтүксүз өткөрүлүүдө.

А. Табалдиев атындагы илимий китепкана жөнүндө статистикалык маалымат төмөнгүдөй: 2023-жылдын баштап Илимий китепкананын Вэб-сайтында **(lib.knu.kg)** Электрондук китепкана өнүктүрүүлүүдө. Учурда системага автордук келишимдин негизинде окуу китептеринин электрондук варианттарын киргизүү мерчемделүүдө.

**Илимий китепкана** "Кыргызстандын университеттеринин китепканаларынын ортосунда китепканалык-маалыматтык ресурстарды алмашуу" долбоорунун алкагында. «КИРЛИБНЕТ». (kyrlibnet.kg) маалымат жана билим берүү порталында ачык билим берүү ресурстарын жайгаштыруу боюнча иштөөнү улантууда.

Жыл сайын студенттер жана окутуучу-профессордук курам дүйнөлүк басмаканалардын электрондук ресурстарына, ошондой эле ата мекендик жана чет өлкөлүк электрондук жыйнактарга бекер кире алышат.

**«КУУнун Жарчысы» редакциялык басма бөлүмүнүн** 2023-жылдын сентябрь айына №3 санын жалпысынан 20 макаланын негизинде жыйынтыкталды. Анын ичинен кыргызча 9 макала, орус тилинде 8 макала, англис тилинде 3 макала редакцияланды.

Илимий электрондук библиотека менен лицензиялык келишим кайрадан түзүлүп, 2010-жылдан баштап чыккан сандарын жүктөөгө мүмкүнчүлүк түзүлгөнүнө байланыштуу, учурда 2010-жылдан 2015-жылга чейин РИНЦке жүктөлбөй калган журналдын сандары архивделип кайрадан иштелип чыгып, Илимий электрондук библиотекага (РИНЦ) жүктөө алдында турат. Учурда PDF форматынан Word форматына жалпсынан 28 саны Илимий электрондук библиотеканын талаптары боюнча иштер жасалууда.

Жалпылаштырып айтканда, улуттук университеттин окутуучу-профессорлору билим берүү, илимий-изилдөө жана инновация түшүнүктөрүн методологиялык жактан бир бүтүн, комплекстүү дүйнө карында кабылдоонун мейкиндигине киришти десек болот.

**Назаркул Ишекеев,**
**Ж. Баласагын атындагы КУУнун илимий иштер боюнча проректору, педагогика илимдеринин доктору, КР УИАнын корреспондент мүчөсү, профессор.**

# МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ: АЛГЫЛЫКТУУ ЖАКТАРЫ ЖАНА КӨЙГӨЙЛӨРҮ

"Эне тилсиз эл болбойт" деген эзелки накыл кеп азыркы учурда, глобалдашуу деген процесс болуп көрбөгөндөй абалга жеткен бүгүнкү күндө өзгөчө мааниге ээ болууда. Эне тилди сактоо, өнүктүрүү жана күнүмдүк турмушта колдонууга жетишүү улутту сактоо, мамлекеттүүлүктү сактоо деген ыйык түшүнүктөр менен ажырагыс биримдикке келип жетти. Мамлекеттүүлүктү бекемдөөнүн өзөктүү жана үңгүлүу түшүнүктөрүнүн бирине айланды.

Жогорку билим берүүнүн уңгусун түзүп турган Улуттук университетибизде да мамлекеттик тилдин ал-абалы улам мезгил өткөн сайын оң жолго коюлууда, жакшырууда. Бул багыттагы иш-арактер Кыргыз Республикасынын Президентинин 2013-жылдын 1-июлундагы (ПЖ № 155) Жарлыгынын негизинде иштелип чыккан Кыргыз Республикасында **мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасын,** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча токтомдорун негизинде жүргүдө.

Окуу жайдын факультеттеринде 10 жылдан ашуун мезгилден бери мамлекеттик тил кабинеттери иштөөдө.

2023-жылдын **11 - 12-январында** башкы имараттагы чоң жыйындар залында Бишкек шаарынын ЖОЖдорунун **окутуучулары үчүн 36 саат көлөмүндөгү "Тилдерди Z муунга окутуунун технологиялары" аталышындагы семинар-тренинг** өткөрүлдү. Семинарга Бишкек шаарындагы жогорку окуу жайларынан 120дан ашуун окутуучу катышты. Семинар-тренингдеги алгачкы лекцияны Кыргыз билим берүү академиясынын вице-президенти, психология илимдеринин кандидаты, доцент Тууганбай Коңурбаев окуп, «Кыргыз элинин улуттук мурастары, алардын урпактардын нарктуулуктарын калыптандыруудагы ролу» тууралуу айтып берди. КУУнун педагогика факультетинин ага окутуучусу Асылгүл Жуматаева «Текст предмет менен тилди интеграциялап окутууда кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүү үчүн негиз катары» аттуу лекция өтүп, сабакты көптөгөн практикалык тапшырмалар менен айкалыштырды. Түшкү тыныгуудан кийин КУУнун профессору Курманбек Абакиров «**Кесиптик билим бер**үүдө **"Манас" эпосундагы тексттерди пайдалануу»**, ал эми маалыматтык жана инновациялык технологиялар факультетинин ага окутуучусу Шайлоо Карагулов «**Электрондук билим бер**үү ресурстары» тууралуу лекция өтүштү.Семинар-тренинг 12-январда улантылып, төмөндөгү лекциялар окулуп, семинарлар өткөрүлдү. Элнура Калдыбаева - "Ала- Тоо" эл аралык университети: «**Билим бер**үүнүн сапатын жогорулатууда виртуалдык китепкананын ролу". Нурзат Усупова - "Ала -Тоо" эл аралык университети: «**Окутуудагы активд**үү методдор» (248-кичи жыйындар залында, англис тилинде). Айкерим Сагынбекова - "Ала -Тоо" эл аралык университети: «Заманбап окутуу ыкмалары» (долбоордук окутуу**).** Улукбек Ерешеев - координатор проекта: «Реализация проектов программы Юнеско-**Ichei** в КНУ. Пилотный проект в ЦА "**Smart Classroom".** Семинар-тренингдин аягында тастыктамалар тапшырылды.

Март айында 2023-жылдын 31-март, 1-апрель күндөрү башкы имараттагы чоң жыйындар залында жогорку окуу жайдын окутуучулары үчүн **"Санариптик окутуунун инновациялык ыкмалары"** аталышындагы семинар-тренинг болуп өттү. Семинарга тренер катары Ала-Тоо эл аралык университетинин квалификацияны жогорулатуу жана инновация институтунун директору Кундуз Жузупекова чакырылган. Ал окутууну санариптештирүүдөгү инновациялык ыкмалар тууралуу баяндама жасады. КУУнун доценти Шайлоо Карагулов «**Окутууда электрондук билим бер**үү ресурстарын колдонуунун ыкмалары» деген лекция өтүп берди.

Семинар 1-апрель күнү уланып, Ала-Тоо эл аралык университетинин өкүлү Нурзат Усупова «Креативные методы обучения иностранных языков», ал эми КУУнун социалдык-гуманитардык илимдер факультетинин ага окутуучусу Наталья Данилова «Психологические особенности преподавания при цифровом обучении» аттуу баяндамаларды жасашты. Семинардын соңунда лекторлорго жана катышуучуларга сертификаттар тапшырылды.

Үстүбүздөгү жылдын март-апрель айларында мамлекеттик тилди КУУда жайылтуу жана мамлекеттик тил аркылуу билим берүүнүн сапатын жогорулатуу максатында жыл сайын окуу жылынын аягында өткөрүлүүчү мониторинг жүргүзүлдү. Университеттин ректору, профессор Т.А.Абдырахмановдун буйругу менен жарыяланган жана бекитилген графиктин негизинде мониторинг жүргүзүү боюнча комиссиянын төрагасы С.А.Тиллебаев баштаган комиссия эки ай бою 75 кафедранын ички иш кагаздарын карап чыгышты.

Эки айга созулган мониторинг окуу жайдын иш кагаздарын, окуу –методикалык куралдар, окуу куралдары, илимий



иштер боюнча кеңири таанышып, айрым мүчүлүштүктөрдү жоюу, көрүнүктүү иштерди белгилөө, жана биздин бүтүрүүчүлөр өз кесибинде кыргыз тилинде эркин сүйлөй да, жаза да билген татыктуу кадр болот деген максатта иш алып барып, сунуш берүүгө аракет кылды.

Илимий иштер боюнча кафедраларда макала расмий тилде көбүрөөк чыкканы байкалды. Кыргыз тилинде окуу куралдар, колдонмолор,азыраак пайыздык көрсөткүчтө илимий макалалар жарык көргөн.

Окуу иштери боюнча жумушчу программанын макети ар жылы жаңыланып, кайрадан түзүлөрүн кафедра башчылары жакшы билишет. Быйылкы окуу жылына окуу бөлүмү тарабынан даярдалып,10-октябрда сайтка илинген жумушчу программанын макети март айына чейин кээ бир кафедраларда маалымат болгон эмес. Мындай көрүнүш интернет, окуу жайдын сайтындагы жаңылыктарды карай бербегенибизден кабар берет.Айрым кафедраларга барганда иш кагаздарын жазуунун эрежесин билбеген адистер иштеп жатканына да күбө болдук. Окутуучунун жеке планы (индивидуалдык) кыргыз топторунв сабак бнрген окуучулар деле орус тилинде толтурган. Биз муну биринен экинчиси көчүрүп гана койгон деген тыянакка келдик. Сандык очет берген жеке планда сандар жазылганы менен **"бардыгы, баары"** деген сөздөр **"итого"** деп гана расмий тилде жыйынтыкталып калган.

Көрнөк-жарнактар башка жылдарга салыштырмалуу бизди кубандырды. Кафедралардын ички жасалгалары, аталыштар мамлекеттик тилде бажырая жазылган, сабактардын кезмети эки тилге которулган кафедралар басымдуулук кылат. Мындай кафедралар математика, мамлекеттик башкаруу факультетинде, педагогика,социалдык илимдер, кыргыз - кытай, юридика, экономика, башкаруу жана бизнес институттары.

Мониторингдин жыйынтыгында биринчи, экинчи, үчүнчү орундар тандалып, кафедраларга Ардак грамоталар менен баалуу белектер ыйгарылды.

Жогоруда аталган ийгиликтер менен кошо алдыда аткара турган максаттарыбыз да бар. Айталы:

- Көп тилдик билим берүү – окутуу каражаты катары эки же андан көп тилди колдонуу. Бул терминди ЮНЕСКО 1999-жылы 12-резолюциясында киргизген жана ал билим берүүдө кеминде 3 тилди: эне тилин, мамлекеттик жана эл аралык тилдерди колдонууну айкындайт. Ошондуктан көп тилдүү билим берүү моделин оптималдуу пайдалануу;
- Эне тилин жана чет тилдерде билүү дүйнөнү таануу, ар түрдүү өлкөлөрдүн тарыхый, маданий жана социалдык тажрыйбасын өздөштүрүү куралы катары колдонууга, ошондой эле адистерге дүйнөлүк эмгек рыногунда атаандаштыкка жөндөмдүү болууга мүмкүнчүлүк берүү;
- Мамлекеттик, расмий тилдерде жана эл аралык тилдердин биринде билим алуу үчүн зарыл болгон окуу-усулдук базаны түзүү жана тил үйрөтүү жаатында инновациялык технологияларды кеңири колдонуу, ал аркылуу инсанга багыттап окутуу парадигмаларына таянуу менен билимге, билгичтикке, көндүмгө жана компетенттүүлүккө ээ болуу.

Жогоруда айтылган жетишкендитер, мерчемдер 2022-2023-окуу жылын жемиштүү да максаттуу да болду деген тыянакка алып келет.

Тил маселеси дайыма «улуттун эн белгиси» (Ч.Айтматов) катары анын мамлекеттүүлүк тагдырына таасирин тийгизип турган негизги факторлордун бири. Мындай экендигин Улуттук университетибиздин отуз минден ашуун кызматкерлери улам мезгил өткөн сайын так да, даана да сезишүүдө.

**Садык АЛАХАН,**
**мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор.**

# СТУДЕНТТЕРДИН КУТТУУ ОЧОГУ

Мен ушул Кыргыз улуттук университетинде жалпы эмгектенгениме 30 жылга чамалап калды.Бул жылдар аралыгында көп нерсени үйрөндүм десем да болот. Үзүрлүү эмгектенүүнүн үстүндө экинчи дипломду алууга да үлгүрдүм.Алган билимимди университеттин студенттерине билим берүү менен бышыктап, окутуучу болуп да эмгектендим.

Эми жатаканага токтоло турган болсок, мен дайыма айтып келем: "Билим алуудан мурда, билим алууга шарт түзүлүшү керек", - деп. Себеби, айылдан келген студенттерге шарт жок болсо, алар билим алууга да умтулбайт болушу керек деген таризде. Ошол себептүү акыркы беш жыл аралыгында жатаканага көңүл бурулуп жатат. Ректораттан да колдоо болуп жатканы сүйүндүрөт. Азыркы күндө дагы ушул маселенин үстүндө үзүрлүү эмгектенип келе жатабыз. Себеби, жана жогоруда айткандай шарт болсо, билим да болот деп ишендирип кете алам. Мисалы: студенттин курсагы ач болуп, жагдайы начар болуп турса, билим алуу да өтө оор болот. Учурда замандын талабына ылайык заманбап эмеректер менен оңдолуп жатат. Бул жатакана – 60 жылдык тарыхы бар жатакана. Ушул 60 жыл аралыгында жатаканага ремонт иштери көп жүргүзүлбөй келсе керек. Менин эле иштегениме 30 жыл болуп калды. Жогоруда айтканымдай акыркы 5 жыл аралыгында көп нерселер жасалды. Сөзүм кургак болбошу үчүн айтайын: жатаканын чатырынан баштап ички бөлмөлөрүнө чейин евро ремонттон өттү. Жатакананын жалпы терезелери алмашты. Бөлмөлөрдүн эшиктери алмашты. Ашканалар заманбап электр плиткалар менен жабдыкталды. Андан тышкары жуунучу жайлар, дааратканалар



оңдоодон өттү. Мурункуга караганда коомдон артта калбай өнүгүүнүн үстүндөбүз деп айтсам ашыкча болбос. Анткени жатаканабызда көп нерселер өзгөрүп, жаркырап эле калды. Чоң-чоң көйгөрлөрүбүз чечилип, майда барат гана иштер калды. "Москва дагы бир күндө курулган эмес" дегендей акырындык менен иштер бүтүп жатат. Эми жатаканын сырткы көрүнүшүн айта кетсем болот. Жатакананын айланасына түнкү чыырактар орнотулду. Турусбеков көчөсү тарабы тосмолор менен тосулду. Ошондой эле жашылдандыруу иштери жүрүп жатат. Ушул жашылдандырууга токтоло кетейин. Бул балатылар эки жылдан бери бүтүрүүчү студенттер тарабынан отургузулуп келет. Мындай жакшы ишти салтка айландырып алганыбыз да кубандырат. Келечекте айланабыздагы чирип калган теректерди, бак-дарактарды кыйып, ордуна мына ушундай арча, балатыларды отургузуу деген изги ой-тилектерибиз бар. Ал эми кыш чыгары менен газон айдоонун алдында турабыз. Ректорат тарабынан ар бир кабатка кир жуучу машиналар берилди. Ошол кийимдерди үтүктөө үчүн, үтүктөр жана үтүктөөчү столдор да берилди. Бул иштердин аткарылганына ыраазы болгон "ПрофСоюз" комитети да сырттан карап турбастан, ар бир ашканага электр чайнегин белекке беришти.

"Мактасак кошомат кылды деген кеп эмес!" Азыркы ректорубуздун иш билгилигин мен айтпасам дагы эл көрүп жатат. Студенттерибиз ыраазы. Ал тургай мурда жашап кеткен студенттер келип кубанып кетип жатышат. Аябай ыраазыбыз! Дегеле биздин жатакана эмес окуу жайдын башка имараттары да өзгөрүүнүн үстүндө болуп жатканын көрүүдөбүз. Учурдан пайдаланып, ректорго, чарба иштери боюнча проректорго жана ошондой эле чарба иштери боюнча иштеген жалпы кесиптештериме ийгилик каалап кетет элем. Билим алууга шарт түзгөн сиздерсиздер! Дагы да жакшы иштер аткарыла беришине тилектешмин.

**Гүлнара Сүйүмкулова,**
**КУУнун №5 жатаканасынын коменданты:**





## Айылымдын таңдары

Сезимдерди жеткире албайм андагы,
Күн нур чачып жарык чачып жан жагы.
Тирүүлүктү сүйүнчүлөп жаткансыйт.
Кереметтүү айылымдын таңдары.

Терезеге күн шооласы чачырап,
Үй ичине кирүүгө да батынат.
Тур, турагой чай ич,- деп апакем,
Берекелүү дасторконго чакырат.

Турмуш мени жипсиз байлайт, барбы аргам?
Жыл көрүшпөй калганымда жараланам.
Сагынганда сүрөтүңдү издеп табып,
Сагынычым тараганча карар алам.

## «Мен үшүбөйм»

Айдананы чулгаган бүт аппак кар,
Эч кайгы жок күлкү толо кубанычтар.
Мен кубанып канааттанам бул учурга,
Тоңбойм дагы чилдеге кылычы бар.

Мен тоготпойм суукту да чилдени.
Ырларым бар үшүтпөгөн дал мени.
Эргүү берип мага дайым тургансыйт.
Арпак кардуу ушул кыштын келгени.
«Үркүн»
Кордук көрүп муздак жерде түнөшкөн.
Күн көрүүгө жашоо үчүн күрөшкөн.
Ачарчылык баштан өтүп кыргызда,
Боштондукка күрөш үчүн күн өткөн.

Ымыркайлар жаш куракка толо элек.
Курман болду орто жолдо ачкадан.
Өтө албай сыйгак жолдон узакка,
Араң өттү тери каттап аскадан.

Кол салышып кашабалар ашуудан
Дарман жетпей кар үстүндө басуудан.
Кайран элим жырткычтарга жем болду.
Алы келбей бөрүлөрдөн качуудан.
Коюн сойду өтүү үчүн аскадан.
Каза болсо ошол жерге таштаган.
Өз жеринен ажыраган кайран эл,
Жардам күтүп бөтөн элден башкадан.

Бул жерден да акыйкаттык таба албай.
Ачарчылык даана болду карандай.
Кызын сатып бир түйүнчөк талканга,
Жашашпады ал жерден да адамдай

Бейиш төргө бирок келдик кайрадан.
Кыргызстан мекенимден айланам.
Бабалардын тээ тарыхын билели,
Келечекке өз салымын арнаган.

## Курдаштар

Ар күнү ар нерсени адат кылган.
Бөлмөнү үч көтөрүп чаң ызгыткан.
Курдаштар өмүрүмдү гүлгө коздоп,
Бактылуу күндөрүмдө бир болушкан.

Силер менен олтуруу майрам эле.
Бир урушуп жарашып кайра эле.
Убакытты артка кайрып чогуу болуп.
Ал кездерге барбайбыз кайра неге?

Сапар улап дагы канча күз өтсө.
Мезгил шашып зымыраган күн өтсө.
Бактылуу бир күндөрүмдө бир болгон.
Курдаштарым жашайсыңар жүрөктө.

## Туулган жер...

Оо туулган жер...
Кучагыма бата турган зат болсоң.
Бекем кысып кое бербейт өндөнөм.
Жыпар жыттуу тоодо өскөн гүл болсоң.
Үзбөй туруп жыпарыңа мас болуп,
Азыктанбай жашай берем сен менен.

Оо туулган жер...
Сен секелек кыз болсоң
Суктануудан көзүм тойбойт сыягы.
Көзүм көрбөй сенден башка чүрөктү.
Тамшандырган сүйүү болот бул жагы.
Ал сүйүүбүз легендага айланып,
Ыр ырдалат сен экөөбүз тууралуу.

**Тилеген Өмүралиев,**
**кыргыз филологиясы**
**факультетинин**
**2-курсунун студенти.**

## “Өзүң үчүн”

Жазылган ыр саптарым өзүң үчүн,
Жашырган наздыгымда өзүң үчүн.
Жайнаган, жадыраган жашыл багым,
Жаасам жамгыр сымал өзүң үчүн.

Жаркыным кайталангыс асыл жаным,
Жакшылык болсун дайым өзүң үчүн.
Жан адам укпас, билбес тилектерим,
Жалынып, сураарым чын өзүң үчүн.

Жан дүйнөмдү арнадым өзүң үчүн,
Жалындаган жаштыгымда өзүң үчүн.
Жандап жүргөн ырыскылаш өмүрлөшүм,
Жоодураган көздөрүмда өзүң үчүн.

## “Кыргыз тил”

Тил билсең, дил билесиң деген атакем,
Башка тилге алмаштырба берекем.
Эл-жериңдин тамыры ушул кыргыз тил,
Мурасты муунга жеткирели энекем.

Ал кезде түшүнбөгөм кептин нускасын,
Токтолуп, акыл калчап калган курагым.
Эл жеримдин, кыргыз тилим кадырын,
Окурман баалуулугун сизге дагы айтайын.

Улут болсоң тилиң менен улутсуң,
Агайымдын саптарынан баштайын.
Өлүү тилдер катарына таштабай,
Өз тилимде, өз тилимди мактайын.

Кыргыз элим тарых баскан улуу эл,
өз тилини балдай таза сактаган.
Ушул күнгө, жетүү үчүн кыргыз тил,
Канча жандар өз өмүрүн арнаган.

## “Жан шеригим”

Жанымда бол, кереги жок башканын,
Сен жылмайсаң, ачык болот асманым.
Кадырым бил жүрөктөгү сүйүүм чын,
Сенден бөлөк, жанга карек какпадым.

Жашоом сенсиң бактым өзүң сыйлаган,
Сезимиңдин сересине арбалам.
Өмүрүмдү шаңдуу кылган берекем,
Жан шеригим бир өзүңсүң садагам.

Жүрөгүм бол керекги жок башканын,
Жан дүйнөмдү арбап алган ардагым.
Таттуу турмуш өткөрөлүк түбөлүк,
Ачык болсун ар бир аткан ак таңым.
Жандап сени жүргүм келет арстаным,
Жашырбастан айткым келет тапканым.
Сендей жанга жолуктурган жолдорго
Жашоомдо басканыма ыраазымын.

## “Көз караш ”

Жаркылдаган жакшы өмүр түзөлү,
Жан дүйнөнүн түнөгүнөн өтөлү.
Жашоонун көөхарлыгын баамдап,
Жакшысын да, тең бөлүшүп жүрөлү.

Жазгым келет дилимдеги ырымды,
Жашырбаймын шайыр мүнөз сырымды.
Жакалашкан коом менен тирешип,
Жакшы ырым жашаса экен кылымды.

## Сагындым

Айлар өттү эки мезгил алмашты,
Бул сагыныч көкүрөккө жармашты.
Жолду карап өтүп жатты өмүрлөр,
Эки жүрөк аралыкта кармашты.

Мен жашоодо махабатка багындым,
Мен сүйүүнүн дайрасына агылдым.
Кандай сонун, аруу, таза сезимдер,
Сүйүү толгон көздөрүңдү сагындым.

Мен сагындым, бүгүн дагы сагындым,
Сени эстеп сары ойго салындым.
Жакшы эле жүрөсүңбү асылым?
А мен сенин кучагыңды сагындым.

Сен экөөбүз эки жакта алыста,
Мен түшкөнмүн күтүү мн жарышка.
Көзүмдү ачсам маңдайымда турса деп,
Неге болбос кыялданып алышка.

Мен сагындым, эртең дагы сагынам,
Башымды ийип, бул сезимге багынам.
Жолугушчу жолдорубуз узарса,
Кусалыктын ооруусуна кабылам.

## «Эки жүрөк»

Биз жолуктук мезгилдердин жазында,
Бирге жүрсөк калат чарчоом басыла.
Кудай кошкон түгөйлөрдөн бололу,
Кайда барсам махабатым жанымда.

Жүрөлүчү ээрчишип бул өмүрдө,
Түбөлүккө мас болуп ак сүйүүгө.
Таза, тунук булактай биздин сүйүү,
Канча кылым өтсөда ал жүрөктө.

Биз ээрчишип басабыз айлуу түндө,
Кандай сонун күндөр өттү Ата-Түрктө.
Бирибизге болгон тунук сүйүүбүз,
Ал бир гана экөөбүздүн жүрөктө.

**Шайыргүл Мамытова,**
**кыргыз филологиясы факультетинин**
**адабий чыгармачылык бөлүмүнүн**
**1-курсунун студенти.**